**Жусуп Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин кезексиз пеадгогикалык кеңешмесинин №7 токтому**

**02.02.2017-жыл.** **Каба айылы:**

**Кеңештин жалпы мүчөсү:** 23

**Катышканы:** 22

**Катышпаганы:** 1

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.09.2011-жылдагы №541 токтомуна ылайык Мектептин уставына толуктоолор жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.
   - Угулду: Бул маселе боюнча мектеп директору А. Мурзакулов сөз сүйлөдү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.08.2011-жылдагы №541 токтому менен тааныштырды Мектептин 2003-жылы кабыл алынган Уставына жаңы жобого ылайык толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүүнү сунуш кылды.

Жарыш сөзгө чыккандар: Окуу бөлүм башчысы З. Нурманбетов сүйлөп, башталгыч класстар жумасына 5 күн, ал эми 5-11-класстар жумасына 6 күн окушуп, мектепте 1-4-класстардын окуучуларын акысыз тамактануусун колдоймун.

Кийинки сөзгө Б. Алымкулов, С. Төлөшова, А. Ажибаева билим берүү мекемелери жөнүндөгү жобону колдоп, мектептин уставын жобого ылайыкташтырып түзүү жөнүндөгү директордун сунушун колдоп кубатташты.

**Ж. Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешинин чогулушунда каралган маселени угуп жана талкуулап**

**Токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.09.2011-жылдагы №541 токтому менен бекитилген "Билим берүү мекемелери жөнүндөгү" жобого ылайык мектептин Уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.
2. Мектептин уставын өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитип берүү жагы Райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын .
3. Жобого ылайык мектептин Уставын түзүү аны кайрадан каттоодон өткөрүү мектептин директору А. Мурзакуловго милдеттендирилсин.

**Пед кеңешменин төрагасы:** ________ **Мурзакулов А.**

**Катчы:** ________ **Пусурова Г.**